# БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН ЭЛЕКТРОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ КАРАЖАТТАРЫ

***Билим берүү жана илим министрлиги өлкөдө түзүлгөн эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу 1-сентябрдан тартып 2-11-класс окуучулары үчүн дистанттык формада билим берүүнү баштады.***

Телесабактар 10дон ашык студияда тартылып, ЭлТР-дин "Илим жана Билим" (5-11-класс) жана КТРКнын "Баластан" (1-4) телеканалдарынан эфирден берилүүдө. Эфирден чыгарылган видеосабактар Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүү порталына (https://oku.edu.gov.kg/ky/) жайгаштырылып жатат.

oku.edu.gov.kg – порталында мындан тышкары мугалимдер үчүн, ата-энелер үчүн методикалык иштелмелер дагы жайгаштырылган, алар үчүн нускама видеосабактар дагы коюлат.

kitep.edu.gov.kg/kg – электрондук китепканасы иштеп жатат. Бул жерге 700дөн ашуун мектеп программасына тийиштүү китептер үч тилде (кыргыз, орус жана өзбек) жайгаштырылган. Тиешелүү бөлүмдөргө кирип, классты тандап, ар бир предмет боюнча китептерди көчүрүп алууга, же болбосо ошол жерде онлайн окууга да болот. Китептер окуганга ыңгайлуу форматта жүктөлгөн. Мындан сырткары окуучулар үчүн пайдалуу башка адабияттар дагы бар. Мисалы: санариптик сабаттуулукту, медиа маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуучу окуу китептери, Кыргызстандын жана чет өлкөлүк жазуучуларынын белгилүү чыгармалары бар. Китептерди окуучулар электрондук китепкананын ичинде же болбосо көчүрүп алып окуса болот.

Ошондой эле окуу китептерин https://lib.kg/lib/school/ дарегинен табууга болот. Бул жерден окуу китептеринен сырткары да материалдар жайгашкан.

ibilim.kg – окуучулар жана ата-энелерге башталгыч класстар үчүн иштелип чыккан жети предмет боюнча электрондук программалык-методикалык комплекси. Кошумча билим берүү ресурсу катары сунушталат. Окутуу материалдары республикабыздын кыргыз жана орус тилдеринде окуган мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларына арналган, билим берүү стандарттарына жана окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келет.

bb.edu.gov.kg/ – "Билим булагы" – бул математика, физика, химия, биология, география, тарых, дүйнөлүк жана кыргыз адабияты, англис тили боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 5-9-класстарынын билим берүү стандарттарынын чегиндеги окуу материалдарынын мультимедиалык комплекси.

Кошумча билим берүү тиркемелери:

MEGA24 мобилдик тиркемеси. Тиркеменин "Санарип мектеп" бөлүгүндө эфирден чыгарылган видеосабактар жайгаштырылууда. Тиркеменин дагы бир артыкчылыгы видеосабактар көрсөтүлгөн телеканалдарды түз эфирден көрүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул мүмкүнчүлүк телевизору жок жарандарыбызга видеосабактарды көрүүнүн жакшы альтернативдүү жолу катары санасак болот. Тиркемени колдонууга окуучулардан интернет трафиги сарпталбайт.

Zoom жана WhatsApp мобилдик тиркемелери. Бул тиркемелер аркылуу мугалимдер окуучулар менен кайтарым байланышты уюштуруша алышат.

Билим берүү жана илим министрлигинин басма сөз кызматы

# «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНДЕ ЖАҢЫ ЖЕТЕКЧИ



***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жетекчилиги алмашты. Жаңы дайындалган ректору профессор, доктор Алпаслан Жейлан өткөн жумада кызматына киришти. Ал буга чейин Түркиянын Ататүрк университетинде иштеп турган.***

"Манас атанын атын татыктуу алып жүргөн Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жамааты менен бирге көрүшүп турганыма абдан кубанычтамын. "Манас" эпосу - кыргыздардын гана эмес, бүтүндөй түрк элдеринин сыймыгы болуп эсептелет. Манас атанын өз урпактарына калтырган насааттары биз үчүн да ар дайым туура багыт берген жол көрсөткүч катары бааланат", - деп Алпаслан Жейлан жылуу кабыл алган эмгек жамаатка ыраазычылыгын билдирди.

# СЫЙЛЫК ЭЭСИН ТАПТЫ

***Бишкек шаарындагы 1-Май райондук балдардын чыгармачылык борборунун «Ассоль» элдик бий ансамблинин, Бишкек шаардык мэриясынын алдындагы «Сувенир» бий ансамблинин көркөм жетекчиси Л.Г.Чонтонова Билим күнүнө, Эгемендиктин 29 жылдыгына карата Кыргызстан Аялдар конгрессинин «Лидерлиги үчүн» эл аралык алтын медалы менен сыйланды. Ошондой эле 1-Май райондук чыгармачылык борбору жана директордун орун басары Ж.Сыражидинова Балдардын жана өспүрүмдөрдүн улуттук «Сейтек» борборунун Ардак грамоталарына татыктуу болду.***

Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу сыйлык тапшыруу аземи бардык санитардык-гигиеналык эрежени сактоо менен өткөрүлдү. Кыргызстан Аялдар конгрессинин президенти Замира Акбагышеванын айтымына караганда, «Ассоль» элдик бий ансамблинин жетекчиси Л.Г.Чонтонова билим берүүнүн мыктысы, «Кыргызстан аялдары» энциклопедиясынын каарманы, эң башкысы, ал өмүрүн жаш муундун өнүгүп-өсүшүнө арнаган инсан.

Сыйлыкты тапшырып жатып Балдардын жана өспүрүмдөрдүн улуттук «Сейтек» борборунун директору С.Челпакова Л.Г.Чонтонованын койгон бийлерине токтоду.

- Людмила Григорьевна борбор калаадагы бардык иш-чараларга активдүү катышып келатат. Эң башкысы анын койгон бийлери абдан кооз жана адамды өзүнө тартып турат, - деди «Сейтек» борборунун директору.

Андан соң ал Л.Г. Чотонованы «Окуучуларды тарбиялоодогу жигердүү иши жана жогорку көрсөткүчтөрү үчүн» Ардак грамота менен сыйлады. Ошондой эле грамота менен 1-Май райондук чыгармачылык борбору жана директордун орун басары Ж.Сыражидинова сыйланды.

Гүлнара АЛЫБАЕВА, «Кут Билим»

# ДИСТАНТТЫК ОКУТУУ: АТА-ЭНЕЛЕРГЕ ЖАНА ОКУУЧУЛАРГА ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ НОМЕРЛЕРИ ИШТЕЙ БАШТАДЫ

***Билим берүү жана илим министрлиги дистанттык окутуу мезгилинде жаралган ар түрдүү суроолорго жооп берүү жана педагогикалык-психологиялык, усулдук жардам көрсөтүү боюнча ыкчам байланыш номерлери иштей баштаганын кабарлайт.***

Аралыктан билим берүү учурунда окуучуларга, ата-энелерге жардам берүү максатында республиканын ар бир жалпы билим берүү уюмдарынд атайын педагогикалык-психологиялык жана методикалык жардам берү максатында топтор түзүлдү. Анын курамына соцпедагогдор, мектептин окуу иштери, тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары, клас жетекчилери кирди. Бул топтордун байланыш номерлери окуучуларга жана ата-энелерге жиберилүүдө.

Мындан сырткары райондук, облустук педагогикалык-психологиялык методикалык жардам берүү штабдары түзүлүп, дистанттык окуту учурунда жаралган ар кандай суроолорго жооп берүүгө даяр.

Облустук/**шаардык** штабдардын телефон номерлери:

| № | Облусу/шаары | Штабдын телефондору |
|---|---|---|
| 1 | Бишкек шаардык педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Акматова Гулмира<br>0312 61393, 0552995542 |
| 2 | Ош облустук педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Гулмира Турдубаева 03222 67388<br>Абдулазиз Арыкбаев 0773975934<br>Жамбилия Азимбаева 0553649444<br>Бусалима Алиева 0777886768<br>Эңсегүл Ураимова 0770468381<br>Чынара Раимбекова 0773757510<br>Тынчтыкбек Досмуратов 0777230286 |
| 3 | Талас облустук педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Тилекматов Табылды 0776198037<br>Кермалиева Чолпон 0770407980<br>Өмүрканов Борончу 0772819335<br>Жаманкулова Азия 0770654943<br>Аттокурова Жылдызай 0773201201<br>Муксумова Нурайым 0705078720<br>Чолпонов Жазгелди 0704829141<br>Озубеков Мукан 0222951702 |
| 4 | Баткен облустук педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Урустамов Исманали 0779518908<br>Маккамбаев Мунарбек 0773323009<br>Караева Гүлнара 0779819446<br>Сарымсаков Абдилазиз 0773751114<br>Абдикаримова Гүлзада 0773554777<br>Эралиева Назипат 0773099664<br>Каюмова Темиржан 0773872240 |
| 5 | Ош шаардык педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Кекенов Бектурсун 0771 431472<br>Токтошева Жамила 0773444701 |
| 6 | Жалал-Абад облустук педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Гулатов Айылчы 0770474329, 0755111755, 03722 20579 |
| 7 | Чүй облустук педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Эгембердиева Венера (0312)- 60-95-37, 0772- 67-04-35, 0755- 67-04-35<br>Эркинбек кызы Айпери 0312)- 60-95-37, 0705-07-12-80 |
| 8 | Нарын облустук педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Ар түрдүү жардам алуу боюнча:<br>03522 5-58-61, 03522 5-52-24, 0707 37 60 31, 0705 68 90 47<br>Усулдук жардам алуу үчүн:<br>0702 71 61 96, 0705 68 90 47, 0709 42 20 80, 0703 63 57 14, 0709 03 89 59 тарбиячылар үчүн |
| 9 | Ысык-Көл облустук педагогикалык, усулдук жардам берүү штабы | Урманбетов Нурлан 03922 51085, 0700640075<br>Сыдыкова Чолпонай 03922 51084, 0778682771<br>Мамырова Тамара 03922 53230, 0553640765<br>Джумабаева Гульнур 0551922917 |

Билим берүү жана илим министрлигинин басма сөз кызматы

# ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫНА 12 ОБЪЕКТИ ЖАҢЫЛАНДЫ

***Жаңы окуу жылдын башталышына карата республика боюнча 12 билим берүү мекемелеринин курулушу жана капиталдык оңдоп-түзөө иштери аяктады.***

Билим берүү жана илим министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, курулуп бүткөн объекттердин жалпы долбоордук кубаттуулугу 2820 орунга эсептелген. Мектептердин предметтик класстары, ашкана жана чоң залы бардык зарыл техника жана эмеректер менен жабдылган. Ошондой эле мектептердин имараттарында өрт өчүрүүчү каражаттар жана видеокамералар орнотулган, андан тышкары, желдетүүчү көзөмөлдөр да бар.

Окуу жылын жаңы жана жаңыланган имараттарда Чүй, Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ош жана Талас облустарынын окуучулары окуй баштады. Талапка ылайык, эң аз дегенде 100 орундан 520 орунга чейинки мектептер жаңыртылып курулду.

Курулушка «Капиталдык салымдар» беренеси боюнча республикалык бюджеттин эсебинен 475 млн. 759 миң 800 сом бөлүнгөн.

А.КАШЫБАЕВА, "Кут Билим"